Абзий Кыдыров

# Осмондун күндөлүгү



Бишкек – **«Кутаалам»**







Окуп Осмон жарытпайт,
Оюн десе талыкпайт.
Күндөлүгү күйпөйүп,
Күндөн-күнгө арыктайт.



Бүткөн көздө сабагын,
Өзүң байкап карагын.
Айрып таштайт “2” алган
Күндөлүктүн барагын.


ТЕТРАДЬ

Кетүү кайда оңолуп,
Ойнойт кечке омолуп.
Антип жүрүп күндөлүк,
Калат бир күн жоголуп.





Алат кайра жаңысын,
“Эки” басат анысын.
Айрып кирет четинен,
Күйшөп коюп далысын.





Узай албас кууланып,
Жалкоолугу бул анык.
Желкелешип “эки”, “үчтөр”
Жерге тартар чубалып.



Көңүл койсо жакшы окуш
Келмөк анын колунан.
Таазим кылып “төрт”, “бештер”
Тосмок анын жолунан.



УДК 821.51–93
ББК 83. 8
К 97

**Кыдыров Абзий**
К 97 **Осмондун күндөлүгү**/сүрөт Н.Джумакалиев: – Б.: Кутаалам, 2019 – 12 б.: сүр. кырг.

ISBN 978–9967–9209–1–0

**Абзий Кыдыров**
ОСМОНДУН КҮНДӨЛҮГҮ
*Мектеп жашындагы кенже балдар үчүн*

Басманын директору *Б. Джапарова*
Сүрөтчү *Н. Джумакалиев*
Көркөм редактору *А. Тугулбаева*
Компьютердик калыптоочу *К. Абдыжапаров*

Басууга 30.11.2019. кол коюлду.
Кагаздын форматы 72x51 1/8
Түстүү ыкма. Көлөмү 1,0 накта басма табак.
Нускасы 1 063 даана.

«Кутаалам» басмасында даярдалды.
Бишкек ш., Горький көчөсү, 1.
**www.kutaalam.kg. e-mail.: kutaalam2012@gmail.com**
Тел.: 0 (312) 53 48 63, + 996 559 999 902,
+ 996 553 903 903

- 1-класс: 1.1. деңгээл; 1.2. деңгээл; 1.3. деңгээл
- 2-класс: 2.1. деңгээл; 2.2. деңгээл
- 3-класс: 3.1. деңгээл; 3.2. деңгээл
- 4-класс: 4.1. деңгээл; 4.2. деңгээл

К 4803300100–19
ISBN 978–9967–9209–1–0

УДК 821.51–93
ББК 83.8
© ЖЧК «Кутаалам», 2019

Бул китеп АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында иштелип чыгып, АКШнын айыл чарба департаментинин (USDA) каржылоосу менен Мерсико (Mercy Corps) уюму тарабынан ишке ашырылып жаткан Макговерн-Доулдун «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» Программасынын алкагында басылып чыгып, таркатылды.

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду.
Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.